**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 10.11.028 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК: 809.434.1(575.2)(043.3)**

**Осмонова Наргүл Ыманалиевна**

# К.ОСМОНАЛИЕВДИН “КӨЧМӨНДӨР КАГЫЛЫШЫ” РОМАНЫНДАГЫ ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕРДИН СЕМАНТИКА-СТИЛИСТИКАЛЫК ТАБИЯТЫ

**10.02.01 – кыргыз тили**

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын  изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2013**

Диссертациялык иш **КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунда** аткарылды.

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин доктору, профессор **Усубалиев Бейшенбай Шеңкеевич**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору **Абдувалиев Ибраим**

филология илимдеринин кандидаты, доцент **Кармышаков Аваз Орозбаевич**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасы, дареги: Каракол шаары, Ж.Абдырахманов көчөсү, 103.

Диссертациялык иш **2013-жылдын 28-июнунда саат 10.00дө** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетиндеги филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.11.028 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2013-жылдын 22-майында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин
кандидаты Семенова Ж.А.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Кадыресе сөздөр сыяктуу эле тилибиздин курулуш материалы болуп эсептелген фразеологизмдер көркөм каражаттардын ичинен өзгөчө орунда турат. Бул болсо алардын табиятынын татаалдыгы, аткарган функциясынын көп кырдуулугу менен шартталат. Кийинки мезгилде [2007-2009] кыргыз тилиндеги фразеологизмдер боюнча эки докторлук иш жакталгандыгы белгилүү. Ошого карабай, биринчиден, фразеологизмдердин стилистикалык табияты, көркөм чыгармада колдонулуу өзгөчөлүгү, поэтикалык кызматы өңдүү олуттуу маселелерди өз алдынча, атайын изилдөө талапка ылайык. Бул жагынан алганда, жогорудагы маселелердин айрым бир жактарын гана камтыган А.Назаровдун [1998] эмгегин эске албаганда, кыргыз тил илиминде атайын иликтөөлөрдү учурата албайбыз.

Экинчиден, тилдик каражаттарды түрдүү ыкмада, түрдүү турпатта эң көп иштеткендер акын-жазуучулар экендиги маалым, бул болсо акын-жазуучулардын тилин, стилин терең иликтөө талабын коёт. Чындыгында эле, аталган маселени кеңири изилдемейинче, көркөм кептин табиятын, бөтөнчөлүгүн аныктоо таптакыр мүмкүн эмес. Ушул жерде тилдин бай мүмкүнчүлүктөрүн чыгармачылык менен пайдаланган жазуучулардын бири Качкынбай Осмоналиев экендигин белгилей кетүү абзел. “Өткөн доорду өз тилинде сүйлөтө алган” [110, 2006, 264], улуттук адабияттын өнүгүү тарыхында өз орду бар оригиналдуу жазуучу К.Осмоналиевдин сүрөткерлик чеберчилиги адабиятчылар тарабынан атайын бир нече иликтөөлөрдүн предметине айланган. Ал эми кыргыз тилинин лексикасынын көркөмдүк кудурет-күчүн, мүмкүнчүлүктөрүн жеке өзүнө гана таандык стилде, түрдүү ыкмалар менен ачып берген поэтикасы, тили тууралуу атайын иликтөөлөр жокко эсе.

Көркөм чыгарма жаратуудагы ар бир сүрөткердин тилдик бирдиктерди иштетүү, түрдүү ык-амалдарды колдонуу, жаңычылдык жол менен тилдик ачылыштарды жаратуу, стилистикалык фигураларды пайдалана билүү, сүйлөм куруу, окурманга ойду таасын, таамай, образдуу баяндап берүү стили, мүмкүнчүлүгү ар башка. Мунун бир далили катары чебер жазуучу К.Осмоналиевдин чыгармачылык тажрыйбасын көрсөтсөк болот. Автордун индивидуалдуу ык-амалдары, чыгармачылык чеберчилиги өзүнчө илимий иликтөөгө муктаж, анткени автордук-индивидуалдык фразеологизмдердин семантикасын, стилистикасын, жалпы эле табиятын окуп-үйрөнүү, аларды өздөштүрүү тил маданиятынын жогорулашына жана байышына өз салымын кошот. Бул – үчүнчү маселе. Мына ушул жагдай-шарттар биздин ишибиздин темасынын актуалдуулугун ырастап турат.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Бул диссертациялык изилдөөнүн темасы КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун жана

Ж.Баласагын атындагы КУУнун илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Иштин максаты жана милдеттери.** Изилдөөнүн **максаты** – фразеологизмдерди лексикалык өзгөчө бирдик катары кароо менен, алардын семантикалык жактан жиктелишин, стилистикалык мүмкүнчүлүктөрүн, поэтикалык өзгөчөлүктөрүн, автордук-индивидуалдык фразеологизмдердин табиятын К.Осмоналиевдин романындагы мисалдардын алкагында аныктоо.

Коюлган максатты жүзөгө ашыруу үчүн изилдөөгө төмөнкү **милдеттер** жүктөлөт:

- тил илиминде, анын ичинде кыргыз тил илиминде фразеологизмге тиешелүү буга чейинки жазылган эмгектерди кылдат талдоого алуу менен изилдөөнүн багыттарын белгилөө;
- романдагы фразеологизмдерди жыйнап, лингвостатистикалык илик жүргүзүү; маанисине карай топторго жиктөө; көтөргөн жүгүнө, аткарган функциясына карай семантика-стилистикалык талдоолорду жүргүзүп, тиешелүү илимий тыянактарды чыгаруу;
- фразеологизмдердин поэтикалык өзгөчөлүктөрүн, кепте колдонулуш мүмкүнчүлүктөрүн иликтөө; жараткан эмоционалдуу-экспрессивдүү маанилери аркылуу стилистикалык коннотацияларын белгилөө;
- романдагы айрым фразеологизмдердин автордук-индивидуалдуу өзгөчө мүнөзгө ээ экендигин аныктоо жана мисалдардын негизинде далилдөө;
- К.Осмоналиевдин фразеологизмдерди колдонуу бөтөнчөлүгүнө илик жүргүзүү аркылуу анын сүрөткер катары стилдик бөтөнчөлүгүн ачып берүү.

**Иштин илимий жаңылыгы**, биринчиден, К.Осмоналиевдин "Көчмөндөр кагылышы" романындагы фразеологизмдердин семантикалык топторунун кыргыз тил илиминде алгачкылардан болуп ар тараптуу иликтөөгө алынгандыгында, экинчиден, фразеологизмдердин поэтикалуулугу, стилистикалык табияты, эмоционалдуу-экспрессивдүү мүмкүнчүлүктөрү лингвистикалык максатта териштирилгендигинде, үчүнчүдөн, автордук фразеологизмдердин индивидуалдуу мүнөзгө ээ экендиги аныкталгандыгында жатат.

**Илимий иштин теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациялык иште чыгарылган илимий-теориялык тыянактар, жыйынтыктар, табылгалар кыргыз тилинин лексикологиясына, фразеологиясына байланыштуу теориялык маселелерди иликтөөгө көмөк көрсөтө алат.

Эмгектеги фактылык материалдарды, теориялык жоболорду, чыгарылган жыйынтыктарды кыргыз тилин үйрөтүүдө, мектеп окуучулары менен ЖОЖдун студенттерине программалык материалдарды окутууда, өздөштүрүүдө, түшүндүрмө, котормо, поэтикалык сөздүктөрдү түзүүдө

колдонууга болот. Ошондой эле кыргыз лексикологиясы, фразеологиясы, стилистикасы, кыргыз тилинин тарыхы, кыргыз таануу, кеп маданияты, лингвопоэтика боюнча окуу китептерин, окуу куралдарын, методикалык иштелмелерди түзүүдө жана аталган дисциплиналарды окутууда да кеңири пайдаланса болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- чыгармадагы фразеологизмдердин орчундуу бөлүгү адамдын мүнөзүн, көңүл күүсүн, мамилесин туюндуруучу фразеологизмдерден турат жана алардын образ түзүүдө аткарган ролу абдан чоң;
- соматизм, зооним фразеологизмдер адамдын мүнөз-сапатын, маанайын, мамилесин, социалдык, психологиялык, физиологиялык ж.б. абалын образдуу, таасирдүү туюндура алат;
- көчмөн кыргыздар убакыт, мейкиндиктин бирдиктери – саат, мүнөт, метр, километр – тууралуу маалыматы болбогондугуна карабай туруктуу айкаштардын (фразеологизмдердин) жардамы аркылуу мезгил, мейкиндикти образдуу, элестүү туюндуруп, эң сонун коммуникативдик байланышта боло алышкан;
- кептик көркөм каражат катары фразеологизмдер тилдин тарыхы, элдин маданияты, дүйнө таанымдары, салт-санаасы жана турмуш-тиричилиги, кыскасы, улуттун нурку (менталитети) менен тике байланыштуу;
- К.Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы” романындагы фразеологизмдер ар кандай ыкмада: жарыш, ортосуна сөздөр кошулуп жана түшүндүрмөсү менен катар колдонулат;
- романда колдонулган айрым фразеологизмдер жалпы элдик фразеологизмдерден семантика-структуралык турпаты жана стилистикалык боёктору боюнча айырмаланат.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы.** Темага байланыштуу фактылык материалдар жыйналып, аларга илимий талдоо жүргүзүү аркылуу илимий-теориялык аныктамалар, жыйынтыктар изденүүчү тарабынан чыгарылды. Иликтөөдө жүргүзүлгөн конкреттүү талдоолор жана андан чыгарылган жыйынтык-корутундулар диссертанттын жекече салымы болуп саналат.

**Илимий иштин апробацияланышы** диссертациянын үстүндө иштөө процессинде ишке ашырылды. Тил илими боюнча өткөрүлгөн жогорку окуу жайлар аралык жана эл аралык илимий-теориялык конференцияларда баяндамалар жасалды.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча КР ЖАКтын реестрине кирген басылмаларда 8 макала жарык көрдү. Ж.Баласагын атындагы КУУнун кыргыз филологиясы факультетин-

де окуган студенттер үчүн атайын курс өтүлүп [2006-2010], окуу-усулдук колдонмо [2009] даярдалды.

**Илимий иштин түзүлүшү.** Диссертация киришүүдөн, үч баптан, корутунду бөлүмүнөн жана адабияттардын тизмесинен турат. Аталган чыгармадан 960 фразеологизм жыйналып алынды, көтөргөн проблемалардын ылайыгына жараша иште 350дөн ашыгы пайдаланылды.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** иштин жалпы мүнөздөмөсү, теманын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, иштин илимий жаңылыгы, жоболор, изилдөө ык-амалдары, илимий-теориялык жана практикалык мааниси, иштин апробацияланышы жана жарыяланышы, изилдөөчүнүн жекече салымы, иштин түзүлүшү жөнүндө маалыматтар берилди.

Диссертациянын биринчи бабы **“Илимий адабияттарга сереп. Изилдөөнүн теориялык негиздери”** деп аталып, фразеология илими боюнча бүгүнкү күнгө чейинки орус тил илиминде, түркологияда жана кыргыз тил илиминде изилденген адабияттарга илимий сереп салынып, андагы ийгиликтер, жетишкендиктер жана талаш-тартышты жаратуучу маселелер изилдөөчү тарабынан талдоого алынды. Фразеологизмдердин теориялык маселелерин териштирген изилдөөлөргө, фразеологизмдерди стилистикалык жактан иликтеген жана конкреттүү бир чыгарманын мисалында талдоого алган эмгектерге өзгөчө басым жасалды. Аларга карата диссертанттын өзүнүн жеке баасы берилди. Соңунда фразеологизмдерге арналган илимий-теориялык адабияттар жыйынтыкталып, келечекте кыргыз тил илиминде фразеологизмдерди изилдөө проблемалары жана багыттары белгиленди.

Иштин экинчи бабы **“Көчмөндөр кагылышы” романындагы фразеологизмдердин семантикалык топторунун тексттин алкагында берилишинде”** деп аталып, анда чыгармадан жыйналган фразеологизмдер семантикасына жана уюштуруучу компонентинин табиятына жараша жети топко, бул топтордун ар бири кепте жараткан маанилерине карай ич ара бир нече майда топторго бөлүштүрүлүп, семантика-стилистикалык өңүттө изилденди.

Экинчи баптын **“Чыгармадагы адамдын мүнөз-сапаттарын туюндуруучу фразеологизмдердин образ түзүүдөгү ролу”** деп аталган биринчи параграфында мүнөз менен сапаттын өз ара карым-катышы, адам мүнөз-сапаттарын туюндурган фразеологизмдердин түрлөрү кеңири талдоого алынды. Романдагы фразеологизмдердин оң-терс баа боюнча сандык катышын алганыбызда жалпы оң мүнөз-сапатты билдиргени – 25, ал эми терс мүнөз, сапатты билдиргени – 39 болду.

**2.1.1.** ***Оң мүнөз-сапаттарды туюндурган фразеологизмдер***

2.1.1.1. Баатырдык, тайманбастыкты билдирүүчү фразеологизмдер: *көзүнөн от жанган, эр жүрөк, жүрөгү курч, кылычынан кан тамган, айбатынан адам жүрөгү түшкөн* ж.б.

2.1.1.2. Акыл-эстүүлүккө байланыштуу фразеологизмдер: *акылы тунук, кишинин кирпиги менен сүйлөшүү, акылы жетик* ж.б.

2.1.1.3. Сүйгүнчүктүүлүк, жагымдуулукту билгизүүчү фразеологизмдер: *жылдыздуу жүз, жүзүнөн мээр төгүлүү, жарык кабак, ичи таза* ж.б.

2.1.1.4. Туруктуулукту, сабырдуулукту билгизүүчү фразеологизмдер: *сабыр көрсөтүү, акылына тегеретүү* ж.б.

2.1.1.5. Сөзмөр, чечендикти билгизүүчү фразеологизмдер: *тилинен бал тамган, таңдайынан чаң чыккан, жез таңдай* ж.б.

2.1.1.6. Ак ниеттүүлүк, абийирге байланыштуу фразеологизмдер: *ак ниеттүүлүк, ала жипти аттабоо, сүттөн ак, астынан кыя өтпөө* ж.б.

2.1.1.7. Эмгекчил, мээнеткечтикке байланыштуу фразеологизмдер: *кара жанын карч урган, жаны жай албаган, жанын үрөгөн* ж.б.

2.1.1.8. Чеберчилик, өнөрчүлүккө байланыштуу фразеологизмдер: *колунан көөр төгүлгөн, тил киргизген, бармагынан бал тамган* ж.б.

2.1.1.9. Чыйрак-бышыктыкка, байланыштуу фразеологизмдер: *камчы сап, жүүнү тирүү, бычакка сап, жемин жедирбөө* ж.б.

### **2.1.2.** ***Терс мүнөз-сапаттарды туюндуруучу фразеологизмдер***

Чыгармада оң мүнөздү билдирген фразеологизмдерге караганда терс мүнөз-сапатты билдирген фразеологизмдер саны жагынан арбын болуп, стилистикалык боёктуулугунун өзгөчөлүгү боюнча да бир топ айырмаланат.

2.1.2.1. Ач көздүктү, ичи тардыкты билдирүүчү фразеологизмдер: *ач көз, ичи тар, ичине таруу айланбаган* ж.б.

2.1.2.2. Таш боор, зөөкүр, тажаалдыкты туюндурууч фразеологизмдер: *жоон камчылар, ырысын көтөрө албоо, тилге келбес* ж.б.

2.1.2.3. Кара ниеттик, көрө албастыкты билдирүүчү фразеологизмдер: *ичи ала, көрө албастык, кара саноо* ж.б.

2.1.2.4. Митайым, арамзалыкты билдирүүчү фразеологизмдер: *каткырыгы таш жарган, тапкан амалы босогодон ашпаган, каткан жоорду кайра сыйруу* ж.б.

2.1.2.5. Албуут, орой, кырс мүнөздү билдирүүчү фразеологизмдер: *кызуу кандуулар, этек кымтуу, кабак чытуу* ж.б.

2.1.2.6. Коркоктукту билдирүүчү фразеологизмдер: *жер жуткандай, коён жүрөк, куйругун кыпчуу* ж.б.

2.1.2.7. Урушчаакты, ушакчылыкты билдирүүчү фразеологизмдер: *тили суук, ала ооз, узун кулак* ж.б.

2.1.2.8. Жалкоолукту туюндурган фразеологизмдер: *аяк бошотор,*

*куурай башын сындырбоо, жатып ичер, эт менен челдин ортосунда* ж.б.

Келтирилген фразеологизмдер кайсы бир контекстке ылайык оң маанини билдирсе, экинчи бир контекстте терс маани жаратышы ыктымал. Полисемиялуулугун эске алып, мисалдарды контекст менен чогуу кароо талапка ылайык.

Экинчи главанын экинчи параграфы **“Тарыхый шарттардагы адамдардын өз ара мамилесинин фразеологизмдер аркылуу мүнөздөлүшү”** деп аталат да, анда жыйналган материалдардын ичинен адамдардын ортосундагы мамилени туюндурган 72 фразеологизм ар тараптуу териштирилди. Мындай фразеологизмдер *оң* жана *терс* мамилелерди гана эмес, *бейтарап* мамилени да туюндурушу мүмкүн экендиги, бирок, ошондой болсо да, кепте (романда деле) бейтараптуулукка караганда *оң* жана *терс* баада келген фразеологизмдердин саны басымдуулук кылары конкреттүү мисалдардын негизинде далилденди.

### 2.2.1. *Оң мамилени билгизген фразеологизмдер*

2.2.1.1. Жакшы көрүү, колдоо маанисин билгизген фразеологизмдер: *ичи жылуу, ийи жанбоо* ж.б.

2.2.1.2. Кадырлоо, кам көрүү маанисиндеги фразеологизмдер: *көзгө сүртчү дарыдай, сырттан багуу* ж.б.

2.2.1.3. Макул болуу, достошуу маанисиндеги фразеологизмдер: *моюн сунуу, коюн-колтук алышуу, камыр-жумур болуу* ж.б.

### 2.2.2. *Терс мамилени билгизген фразеологизмдер*

Терс мамилени туюндурууда сүрөткер фразеологизмдердин эң таасирдүүсүн, эмоциялык-боёктуулугу күчтүүсүн иргеп алгандыгы айкын болуп турат. Биз ишибизде, койгон максатыбызга ылайык, мамилени туюндурган фразеологизмдердин айрымдарын гана семантика-стилистикалык жактан кеңири талдоого алдык.

2.2.2.1. Макул болбоо, эпке көнбөө: *тил албас, ырын ырдоо* ж.б.

2.2.2.2.Тоотпогондук, керсейгендик: *кыр көрсөтүү, көзүнө көрүнүп коюу* ж.б.

2.2.2.3. Алдагандык, алдап кеткендик: *беш өрдөгүн учуруу, сызга отургузуу* ж.б.

2.2.2.4. Таарынгандык, араздашкандык: *көңүл суу, көңүл калуу, ичине кир кетүү* ж.б.

2.2.2.5. Жактырбоо: *кол шилтөө, зил чачуу, кабак алдынан кароо* ж.б.

2.2.2.6. Аңдуу, артынан түшүү: *арттан сая түшөт, из чалуу* ж.б.

2.2.2.7. Ачуусуна тийүү, бирди көрсөтүү: *каарына калуу, талпагын ташка жаюу* ж.б.

2.2.2.8. Каршылашуу: *суук-селки болуу, тиш кайроо, таш ыргытышуу* ж.б.

2.2.2.9. Кагуу жегендик, көз карандылык: *ынданы өчмөй, шагы сынмай, оту менен кирип, күлү менен чыгуу* ж.б.

2.2.2.10. Жок кылуу, жоюу, коркуткандык: *кызыл уук кылуу, чамгарагын талкалоо, жүрөгүнүн үшүн алуу* ж.б.

2.2.2.11. Уят болгондук: *өлбөгөн төрт шыйрагы калуу, намысына камчы тийүү* ж.б.

Мындай адамдардын ортосундагы түрдүү мамилени туюндурган фразеологизмдер коммуникативдик, таасир берүүчүлүк функциялардан башка да дүйнө таанытуучулук, таалим-тарбия берүүчүлүк, элдик менталитетти чагылдыруучулук сыяктуу бир топ кызматты аркалай ала турганын тануугa болбойт.

Экинчи баптын **“Чыгармадагы адамдардын ички сезимин, көңүл күүсүн билдирген фразеологизмдердин реализацияланышы”** аттуу үчүнчү параграфында коомдо болуп жаткан окуялардын, жаратылыш кубулуштарынын, адамдардын кылык-жоругу, мүнөзү, аткарган иштери, мамилелеринин ж.б. кабылдоочуга тийгизген таасири, кабылдоонун ар түрдүү болушун жана адам баласынын ички сезиминин, көңүл күүсүнүн ар түрдүү реализацияланышынын себеп-өбөлгөлөрү, романдагы адамдардын ички сезимин, көңүл күүсүн туюндурган фразеологизмдердин табиятмаңызы, бөтөнчөлүгү өңдүү маселелер кеңири иликтөөгө алынды.

Адам баласынын маанайы сырткы жана ички таасирлерге дуушар болуп, көңүл күүсү түрдүүчө өзгөрөт, коомдо, жаратылышта, айлана-чөйрөдө ж.б. болуп жаткан кубулуштарга, окуяларга карата ички сезимин ар кандай билдирет. Бул – өтө татаал көрүнүш. Демек, аталган кубулуштарды туюндурган тилдик бирдиктердин да саны арбын, т.а., жыйналган материалдардын ичинен 69 фразеологизм ушул семантикалык топко таандык. Алар өзөктүү тематикаларга негизделип, жалпылаштырылып берилди:

2.3.1. Кубануу, көңүл ачуу: *жетине албоо, жарпын жазуу* ж.б.

2.3.2. Ыраазы болуу, кубаттоо: *намыска жарадың* ж.б.

2.3.3. Боору оруу, кайгыруу, аёо: *ичи тартынуу, ичтен сызуу* ж.б.

2.3.4. Эңсөө, сагынуу: *ак эткенден так этүү, көзүнөн чымын учуу* ж.б.

2.3.5. Кам саноо, санааркоо: *санаасы сапырылуу, ойго батуу, убайым жеп, жүрөгүн өйүү* ж.б.

2.3.6. Айласы кетүү: *жан-алакетке түшүү* ж.б.

2.3.7. Ызалануу: *жаны кашаюу, жүрөгү тызылдоо, каны кайноо* ж.б.

2.3.8. Капалануу, каарын төгүү: *кабак чытыйт, түпкүчтөй ийип, кийиздей тепкилөө, жүндөй тытып жиберүү* ж.б.

2.3.9. Жактырбоо, жек көрүү: *тизгин талашуу, пейлиңен тапкыр* ж.б.

2.3.10. Какшыктоо, табасы кануу: *көксөсү суу, табасы кануу* ж.б.

2.3.11. Чочуу, жийиркенүү сезими: *оозунан сөз ыргуу, төбө чачы тик туруу, азат бою тик туруу* ж.б.

2.3.12. Арман, жаны кейүү, өкүнүү: *ичинен кан өтүү, бармак тиштөө* ж.б.

Келтирилген мисалдар кепте реализацияланып, сүйлөмдүн карамагында гана мааниси толук ачылгандыктан, контекст менен чогуу кароо зарыл.

Экинчи главанын төртүнчү параграфы **“Убакыт бирдиктеринин мезгил фразеологизмдери менен туюнтулушу”** деп аталып, анда романдан алынган мындай фразеологизмдердин 62си төмөнкүдөй бир нече майда семантикалык топторго бөлүштүрүлүп талдоого алынды:

2.4.1. Кыймыл-аракеттин аткарылышы аркылуу мезгилди туюндурган фразеологизмдер**.** Мезгилдик фразеологизмдердин бул түрү да берген маанисине карай чакан эки топко бөлүнөт:

А) Күнүмдүк-тиричиликке, мал чарбачылыкка байланыштуу кыймыл-аракеттердин негизинде келип чыккан мезгилдик фразеологизмдерге *эт чала бышкан убак*, *уй саам, чай кайнам* сыяктууларды кошууга болот. М: ***Наспай ийлем*** *убакыт өтпөй, калдайган калың адамдын карааны көрүндү* (289-б.).

*Наспай ийлем* – аталган туруктуу сөз айкашын *неологизм фразеологизм* деп атоого толук акыбыз бар. Наспай тартууга даяр болгуча болжол менен 15-20 мүнөт убакыт ийлешкен. Мында автор наспай тууралуу маалыматы бар кишилерге гана түшүнүктүү болгон бул пассивдүү фразаны пайдаланып, тилдик кордун фондун жаңы сөз айкашы менен толуктаган.

Б) Адамдын бет түзүлүшүндөгү мүчөлөрдүн кыймыл-аракети аркылуу келип чыккан мезгилдик фразеологизмдер: *кирпик ирмегенче, көз ирмемде, каш-кабактын ортосунда* ж.б.

2.4.2. Табигат кубулуштарына, аба ырайына байланыштуу же кайсы бир мезгилди туюндурган фразеологизмдерге: *таш жарган чилде*, *кымыз сөөктөн чыккан учур, жоон сүзүлүп, ичке үзүлгөн убак* ж.б.

2.4.3. Убакытка, күн-түндүн алмашышышына байланышкан айрым белгилер, касиеттер, сын-сыпаттар аркылуу мезгилди туюндурган фразеологизмдер. Кыргыз тилинде мезгилди туюндурган башка фразеологизмдерге караганда бул түрү саны жагынан көбүрөөк. Анткени бир суткадагы 24 сааттын ар биринин, күн менен түндүн аралыгынын аталышын билдирген лексикалык бирдиктер бар. Көчмөн эл асмандагы күндүн, айдын, жылдыздын чыгышына, так төбөгө келишине, батышына байланыштуу убакытты боолголоп билишкен: *көз байлана, иңир кирүү, күүгүм талаш, жылдыз толгондо, көзгө сайса көрүнгүс, таң супа салганда*, *короз биринчи чакырганда* ж.б.

2.4.4. Адамдардын жаш өзгөчөлүгүн, курагын туюндурган мезгилдик фразеологизмдер. *Эне сүтү оозунан кете элек, жерден боорун көтөрүү, борбую толо элек, кабыргасы ката элек, жашка мас, ашка мас, бойго жетүү, төрүнөн көрү жакын* сыяктуу адамдын жаш курагын туюндурган мезгил фразеологизмдери кыргыз элинин өткөн доордогу менталитетинен, этномаданиятынан кабар берип турат. Мындан кишинин жаш курагын так сандар менен атабастан, аяр мамиле жасагандыгын байкоого болот.

2.4.5. Күн, айга байланыштуу мезгилди туюндурган фразеологизмдер. Эл ичинде аялдын баланы курсагында тогуз ай көтөрүп, төрөй турган мезгили келип, төрөөрүнө саналуу гана күндөр калган убагы төмөнкүдөй эвфемизм-фразеологизмдер менен туюндурулган: *ай-күнү чукул*, *ай-күнүнө жетүү* ж.б.

2.4.6. *Ушул учурда, азыр, кийин* деген мезгилдик лексемаларды экспрессивдүү, образдуу туюндурган фразеологизмдер да кездешет: *көзү көзүнө урунганда* – ушул учурда, *иш ийнине келген соң* – баары бүткөндөн кийин, *көзүмдүн тирүүсүндө* – азыр, *көзүң өтсө* – кийин ж.б.

Экинчи главанын бешинчи параграфы **"Аралык, орундун мейкиндик фразеологизмдер аркылуу чагылышы"** деп аталат. Тилде саны жагынан мейкин фразеологизмдер мезгил фразеологизмдерге караганда азыраак. Өткөн доордо мезгилди өлчөгөн *саат, календардын* жоктугу сыяктуу эле мейкиндикти ченеп биле турган узундук бирдиктери *метр, километр* түшүнүктөрү да жок болгон. Бүгүнкү күнгө чейин жазуу-сызуусуз сакталып келген элдик оозеки адабияттардан, тарыхый көркөм чыгармалардан байкалгандай, ата-бабаларыбыз мейкиндиктин чен-өлчөмүн өздөрүнүн дүйнө туюму аркылуу таанып билишкен. Аларды кандайдыр бир аталыштар менен аташып, күнүмдүк турмуш-тиричилигинде кеп ыңгайына жараша пайдаланышкан.

Мейкин фразеологизмдери кыймыл-аракеттин боло турган ордун, багытын көрсөтүп, жалпы туюндурган мааниси боюнча сөз түркүмдөрүнүн ичинен орун тактоочторго кирет. Чыгармада 28 фразеологизм мейкиндик маанини жаратып келген, аларды төмөнкүдөй семантикалык топторго бөлүп кароого болот:

2.5.1. Кыймыл-аракеттин ордун, субъектиге карата жайгашкан жерин туюндурган мейкиндик фразеологизмдер ич ара экиге бөлүнөт:

**А**) кыймыл-аракеттин нак ордун туюндурган мейкиндик фразеологизмдер: *Бирин көрүп, бири ээрчий, шылкыя бастырган жүздөн ашуун адам сүрүлүп, ордунда калгандардан* ***бир аргамжы, эки аргамжы бою*** *узап барып токтоду* (313-б.).

**Б**) кыймыл-аракеттин аралык (алыс же жакын) ордун туюндурган мейкиндик фразеологизмдер: *Алты жүз үйлүү болуп малжан менен көчтү. Бе-*

*рилген аймакка жетип аяк-башы* ***ат чабымга*** *чачылып, конуш ээлешти* (244-б.).

2.5.2. Кыймыл-аракеттин багытын туюндурган мейкин фразеологизмдер.

**А**) Вертикалдык (тик) багытты туюндурган фразеологизмдер. Чыгармада кыймыл-аракеттин бет алган жагын, белгилүү бир тарабын тик (вертикалдык) багытта экендигин туюндурган фразеологизмдер да кездешет: ***кол жеткис*** *бийиктик,* ***көз жеткен менен кол жетпеген*** *асманда,* ***бута атым*** *бийик* ж.б.

**Б**) Горизонталдык (түз) багытты туюндурган фразеологизмдер. Жер, суу мейкиндигинин бири-бирине тийишкенсип, туташып көрүнгөнсүгөн чегин, түз сызыгын образдуу, көрктүү туюндура алган фразеологиялык айкаштар чыгармада кездешпей койбойт: *тай чабым, атка күндүк жол, аш бышымдык жол* ж.б.

Экинчи главанын алтынчы параграфы **"Чыгармада соматизм фразеологизмдердин семантикаларынын ачылышы"** деп аталат. Биздин изилдөөбүз тилибизде ***соматизм*** фразеологизмдеринин арбын экенин ырастады. Анткени адам жүзүндөгү түрдүү өзгөрүүлөр, тулку-бойдун ар кыл абалы пикир алышууда, маалыматты туюндурууда активдүү катышып, чоң жүктү аркалайт. Жыйналган 960 фразеологизмдин 478и өзүнүн курамында адамдын кайсы бир дене мүчөсүн камтыган соматизм фразеологизмдердин тобуна кирет. Фразеологизмдердин уюшулушунда таяныч, уютку компоненти катары кызмат кылып, колдонулуш жыштыгы жагынан мол учураган соматизмдердин лингвостатистикасына көз жүгүртүп көрөлү: көз – 56; жүрөк – 47; баш – 21; кол (колтук, ийин, алакан ж.б.) – 28; ич – 15; боор – 13; кан – 10; адамдын дене түзүлүшүнө байланыштуу айтылган абстракттуу түшүнүктөр (*кыял, түш, ой, акыл,эс* ж.б.) – 27. Ал эми калган соматикалык фразеологизмдер *төбө, кулак, бел, бет түзүлүш (чеке, маңдай, каш, кабак, бет, өң, тиш, тил, ооз* ж.б.), *ички органдар* (*өпкө, кабырга, кекиртек* ж.б.), *моюн, омуртка, бут (тизе, аяк, таман* ж.б.) сыяктуу дене мүчөлөрдүн катышуусунда пайда болгон. Алардын семантикасы, коннотациясы, көтөргөн жүгү, келип чыгышы ар түрдүү. СФ тилде түрдүү маанилерди (75 % адамдын мүнөзүн жана психологиялык абалын) эмоционалдуу-экспрессивдүү туюндуруу үчүн кызмат кылышат, ал маанилер бир нече топторго ажырайт:

2.6.1. Адам мүнөз-сапатын билдирген СФ: *тил албас, кирдүү кол менен кармагыс* ж.б.

2.6.2. Адамдардын мамилесин туюндуруучу СФ: *кулагы илүү, бир таман жакын* ж.б.

2.6.3. Адамдардын психологиялык абалын билдирген СФ: *көөдөнүн тээп, көзү от чачуу, кабыргасы кайышуу* ж.б.

2.6.4. Адамдардын социалдык абалын туюндурган СФ: *ак сөөктөр, кара тамандар, жалгыз аттуу, жалгыз камчылуу* ж.б.

2.6.5. Мезгилди туюндурган СФ: *көзү тирүүсүндө, кирпик ирмемде* ж.б.

Семантикасына карай шарттуу түрдө гана жогорудагыдай бөлүштүрүүгө туура келди, чындыгында, СФдин туюндурган мааниси, жасалыш жолдору ар түрдүү: *көзү муздай* – салыштыруу жолу аркылуу; *жүрөгү тыз* – метофоралык жол менен уюшулду; *кулак түрүлүү* – метафора, метонимия, синекдохалардын жуурулушуусунан жасалды. Бул ыкмаларды колдонуу аркылуу жазуучу К.Осмоналиевдин сөздү иштетүүдө жеке өзүнө гана таандык осмоналиевдик стилин көрүүгө болот. Мындай өзгөчө стилдик фигураларды урунуу, кептин боёктуулугун арттыруу окурманга жакын, таанып болуп, кабыл алууга, аны өздөштүрүүгө жеңил болот.

*Көз* соматикасы аркылуу уюшулган фразеологизмдер. *Көз* – адамдын жүзүндөгү өзгөрүүлөрдүн ичинен маалыматтын көпчүлүк бөлүгүн жөндөптескеп, туюндуруп туруучу негизги орган [Ботобекова, 2007, 139]. Фразеологизмдердин уюшулушунда башкаларга салыштырмалуу *көз* соматикасы таяныч компонент болуп, бир нече маанилерди жаратканын өзүнчө сөз кылууга арзыйт: *көз менен узатуу , көзгө көрүнүү, көзү илинүү, баш-көз болуу, көзүн тазалоо, көзү менен тинтүү, көзү жетүү, көз кызаруу, көз бүтүү, көзү тирүү, көз байлоо, көзүнүн төбөсү менен кароо* ж.б. Иликтөө учурунда колдонулушу боюнча биринчи орунда турган ***көз*** сөзү аркылуу уюшулган 21 соматикалык фразеологизмдердин семантикасы каралды. Аталган лексема биримдүүлүгүн, образдуулугун түзүүгө негиз болгон фразеологизмдердин саны чыгармада мындан да көп. Талдоону чектөө үчүн фразеологизмдердин уюшулушунда жыш учураган төмөнкү соматизмдердин гана семантикаларына саресеп салынды.

*Баш* соматизми аркылуу уюшулган фразеологизмдерге *баш кошуу, башына мүшкүл түшүү, башын байлап коюу, баш тартуу* сыяктуулар мисал боло алат.

*Кол* соматизми аркылуу уюшулган фразеологизмдер: *кол жуу, колу уялбоо, жоон билектер, алаканга салгандай билүү, колтугуна суу бүркүү, тырмак асты* ж.б.

Бет түзүлүштү туюндурган соматизмдер катышкан фразеологизмдер: *кирпигинен кан сыккан, чекеге бүткөн, эрдин кесе тиштөө, тилди тишине кысуу* ж.б.

*Кан* соматикасы аркылуу уюшулган фразеологизмдер. Адамдын дене мүчөсү, тулку боюна кирбесе да адамдын организминдеги тамырлар аркылуу айланып жүрүп, клеткаларды азыктандыруучу, андагы заттарды алмаштыруучу кызыл түстөгү суюктук ***кан*** лексемасы фразеологизмдердин уюшулушунда таяныч компонент болуп келген: *кан буугандай, кан уурт-*

*ташуу, канга кан алуу* ж.б.

Ички органдар катышкан соматизм фразеологизмдер**.** Адам баласынын сырткы тулку бою гана эмес, ички органдары да өтмө мааниде келип, ойду образдуу берүүчү фразеологизмдин биримдигин, жалпылыгын жаратууда маалыматты туюндуруу үчүн кызмат аткарарын көрүүгө болот: *кабыргасы менен кеңешүү, ичи күйүү, ичтен түйүлүү, ич өрттөнүү, ичи эзилүү* ж.б.

Тамак сиңирүүнү жана кан айланууну тейлеп турган ички орган *боор* соматикасы таяныч сөз болгон фразеологизмдер да бар: *боору эзилүү, боор толгоо, боор эт менен тең, таш боор, боор тартуу, боору ооруу, боору ачуу* ж.б.

Абстракттуу түшүнүктөр катышкан фразеологиздер**.** Тилде адамдын дене мүчөсүнө, тулку боюна кирбеген, бирок адамдарга байланыштуу айтылган, реалдуулукка карама-каршы туруучу, турмушта кездешпей, кыялда гана болуучу түшүнүктөрдү билдирген лексемалар уютку сөз катары келген фразеологизмдер: *эсин жыюу, оюна эмес, түшүнө кирбөө, ийи жанбасын* ж.б. Ушул сыяктуу абстракттуу лексемалар таяныч сөз болуп келген фразеологизмдердин саны – 27. Мында адамдын тигил же бул дене мүчөсү конкреттүү түрдө аталбаса да, бул абстракттуу түшүнүктөр адамдарга байланыштуу айтылгандыктан, соматизм фразеологизмдерге кошулуп каралды.

Экинчи главанын жетинчи параграфы **"Зооним фразеологизмдердин маанилик көп түрдүүлүгү"** деп аталды. Пикир алышууда зооним фразеологизмдер ойду түшүнүктүү, так, дал өзүндөй берүүнү камсыздап, образдуулукту шарттап турат. Жазуучу К.Осмоналиев окуяны көркөм баяндоодо, образ түзүүдө, кыскасы, сөздү иштетүүдө зооним-фразеологизмдерди жетишерлик пайдаланганын чыгармаларынан көрүүгө болот. Жыйналган материалдардын ичинен 122 фразеологизм зоонимдерге таандык. Алардын көпчүлүгү салыштыруу аркылуу уюшулат. "Эки предметти же кубулушту катар коюп, алардагы окшоштуктар аркылуу салыштырууда зооним фразеологизмдердин структурасына гана көңүл бурулбайт, анда семантика-стилистикалык маани башкы орунга чыгат да" [Чепкова, 1990, 23-25], образдуу фон жаралып, сүйлөмдүн эмоционалдуу-экспрессивдүү боёгу артат.

Зоонимдер катышкан фразеологизмдер ар бири ар башка маанини туюндурат. Аларды төмөнкүдөй семантикалык топторго бөлүштүүгө болот:

2.7.1. Адамдардын мүнөз-сапаттарын туюндуруучу ЗФ: *коён жүрөк, сагызгандан сак, түлкүдөн куу* ж.б.

2.7.2. Адамдардын ортосундагы мамилени туюндуруучу ЗФ: *тай тебиш, кабыргасын бит чаккандай көрбөө* ж.б.

2.7.3. Сын-сыпатты, сан-өлчөмдү туюндурган ЗФ: *жылан сыйпа-*

*гандай*, *иттин кара капталынан, уй түгүндөй* ж.б.

2.7.4. Мезгил, мейкинди туюндуруучу ЗФ: *бээ саам, тай чабым жер* ж.б.

Кайсы элде болбосун, ошол жердин географиялык шартына ылайык жашаган жан-жаныбарлар гана ЗФдерге таяныч, уютку сөз болуп келген, т.а., эл көрүп-таанып билген, мүнөзүн, жашоо ыңгайын жакшы өздөштүргөн, ал тууралуу маалыматы бар айбанаттарды, канаттуу куштарды, курт-кумурскаларды гана чагылдыргандыгын иликтөөдөн байкоого болот.

*Ит* зооними аркылуу уюшулган фразеологизмдер. Чыгармада 12 фразеологизм ***ит*** зооними аркылуу түзүлгөн: *ит улуп калуу, ит жыгылыш, ит отуруш* ж.б.

Мал чарбачылыкка байланыштуу айтылган ЗФ. Романда төрт түлүк малга байланыштуу айтылган ЗФдердин сандык катышы төмөнкүдөй: жылкы (ат, бээ, тай) –15, уй – 4, төө – 2, кой – 4. Буга *ат тезегин кургатпоо, уй мүйүз тартуу, кой үстүнө торгой жумурткалоо, төөнүн куйругу жерге тийгенде* сыяктуу фразеологизмдер мисал боло алат.

Тутумуна курт-кумурскалар катышкан ЗФ. Ойдун эмоционалдуу-экспрессивдүү таасирин күчөтүү үчүн окуяны, көрүнүштү атайлап кичирейтип берүүдө курт-кумурскаларга байланыштуу зоонимдер катышкан фразеологизмдер колдонулат: *чымын жаны чыркыроо, кумурсканын кусканын билүү, аарынын уюгуна тийүү* ж.б. Жыйналган материалдардын ичинен *аары, жөргөмүш, чымын* ж.б. курт-кумурскалар катышканы фразеологизмдердин саны – 10.

Тилде тутумундагы компонентинин бири жаныбардын өзүнөн эмес, ага байланыштуу айтылган лексемалардан уюшулган фразеологизмдер да кездешет: *шилекей алышуу, тил эмизүү, уу тырмагын батыруу, үзөңгү кагышуу, куйрук кыпчуу* сыяктуу фразеологизмдердин этимологиясын карап чыксак, айбанаттардын жашоосуна барып такалат. Романда мына ушул өңдүү фразеологизмдердин саны – 13.

Үчүнчү бап **"К.Осмоналиевдин "Көчмөндөр кагылышы" романындагы фразеологизмдердин поэтикалык өзгөчөлүктөрү"** деп аталат. Сүрөткердин тарыхый чыгарманы өз доорунун тилинде сүйлөтө алгандыгы анын тилдик бирдиктерди иштетүү чеберчилигинен айкын көрүнүп турат. Жазуучу тилдик бирдиктерди, анын ичинде фразеологизмдерди ар кандай стилдик ыкмада пайдаланган, алардын ар бирине өзүнчө токтолуу жөн.

**3.1. Жарыш (паралелль) колдонулган фразеологизмдердин көркөмдүктү жаратуучу мүмкүнчүлүктөрү.** Жарыш колдонуу ык-амалы көбүнчө синонимдешкен фразеологизмдерди катар, параллель колдонуу менен ишке ашат. Эки жана андан ашык мааниси бири-бирине жакын, же бири-бирин толук алмаштырууга мүмкүн болгон фразеологизмдерди кол-

донгон учурда баяндалып жаткан жагдай, кейипкердин ар түрдүү абалы, ички уйгу-туйгусу, же сүрөттөлүп жаткан көрүнүш алда канча таамай, таасын, жандуу элестелинет. М:*Төрдөн Төрөгелди чыкты: –**Катуудан казанын талкалап, жумшактан күлүн сапырып**, анан эл болом* (264-б.). Жазуучу мисалдагы параллель келген синонимдеш фразеологизмдердин орун тартибин алмаштырып, же бирин эле, же алардын ордуна лексикалык маанилерин колдонгон учурда деле сүйлөмдүн маанисине доо кетпестен, айтылып жаткан ой сакталмак. Бирок бирин бири толуктап турган алгачкы маанини бере албастыгын, сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн кемип калгандай абалын байкоого болот. Айрым учурда сүйлөмдүн баштапкы абалындагы элестүүлүгү, таасирдүүлүгү төмөндөп кетиши, же жоголушу мүмкүн.

Өз алдынча турганда лексика-семантикалык жактан эч кандай жакындыгы жок фразеологизмдердин контексттин жардамы менен синонимдешип кеткенин көрүүгө болот. Көпчүлүк учурда жарыш фразеологизмдер бир өңчөй мүчө түрүндө келип, грамматикалык бирдей турпатта турушат. Бирок мындай принцип сакталып, алар дайыма бирдей конструкцияда келе бербейт: *Ормондун **жаак түктөрү тикирейе, куйкасы жыбырыла болуп, итатайы тутулса** да, сездирбөөгө өзүн зордоп, абасын камтый кучактап, көөдөнүнө кысып-кысып алды* (49-б.). Каармандын териси сүйбөй турган абалын толук, жеткиликтүү кылып ар тараптан ачып берүү үчүн лексика-грамматикалык жактан башка-башка маанайда турган фразеологизмдер пайдаланылды.

Көркөм кепте фразеологизмдердин жарыш келиши бир сүйлөмдүн чегинде гана эмес, контексттин (микротексттин) ичинде да ишке ашат: *Ана Манас болуп, Манас атка конду. **Үзүлгөндү улады. Чачылганды жыйнады.*** (256-б.). *– Үңүрөйгөн ит! – деп тилдеп алды, – экөөбүздүн эмне кылып жүргөнүбүздү билесиңби?*

– *Кичине билдим.*
– *Кичине билбей, чоң билгин. **Канжыгага башты байлап жүрөбүз.***
– *Апей!*
– *Чоочубай уккун. **Казаны жок эт салып, отуну жок аш бышырып жүрөбүз*** (332-б.).

Параллель фразеологизмдерди жогорудагыдай ар башка сүйлөмдүн карамагында берүү кандайдыр бир түшүнүктү, окуя өтүп жаткан жагдайды, каармандын сезимин, психологиялык ал-абалын ж.б. майда-чүйдөсүнө чейин чагылдыруу муктаждыгынан улам жаралат. Бул фразеологизмдерди жазуучу бир сүйлөмдүн ичинде берсе, сүйлөм узун, тажатма болуп, көркөмдүк кунарынан ажырай түшмөк. Микротекстте каармандын диалогун окуп жаткан окурман үчүн түшүнбөөчүлүк, чаташуучулук жаралган

жок, тескерисинче, окуянын жүрүшүн, автордун берейин деген оюн алаканга салгандай ачык баамдоого мүмкүнчүлүк түзүлдү.

**3.2. Ортосуна сөздөр кошулуп (вклинивание) колдонулган фразеологизмдердин уюшулушу.** Айрым учурда К.Осмоналиев турган турпаты менен образдуулук, элестүүлүк жана эмоциялуулук касиетке ээ болуп, өтмө маанини туюндуруп турган фразеологизмдердин кудурет-күчүнө алымсынбай, тилде калыптанып даяр келген түзүлүш-турпатын өзгөртүп, эмоцияны андан ары да күчөтүү, эстетикалык табитин дагы да жогорулатуу үчүн фразеологизмдердин ортосуна сөздөрдү жана сөз тизмектерин кошуп пайдаланган учурларын байкоого болот. Туруктуу сөз айкашы болгон фразеологизмдердин ортосуна кыстырылган сөздөр түрдүү сөз түркүмдөрүнөн болушу мүмкүн. Чыгармадан жыйналган материалдардын ичинен 67 фразеологизм ортосуна сөз кошулуп колдонулгандыгы аныкталды.

Фразеологизмдердин ортосуна зат атооч сөздөрдүн кошулушу: *Жаңы эле топ четине келген Дааныштын **көзү** уулун **чалды*** (207-б.).

Фразеологизмдердин ортосуна сын атоочтордун кошулушу: *− Оо, уул болгонуңдан, намыска жарап салбадыңбы. Кошой абаңдын **арбагы** көрүнөө **колдоду*** (189-б.).

Фразеологизмдердин ортосуна сан атоочтордун кошулушу:– *Чоң Ормон **көзүмө** бир **көрүнсө** кордук көрсөткөндөрдөн эки эсе өч алам* (264-б.).

Фразеологизмдердин ортосуна ат атооч сөздөрдүн кошулушу**:** *Бөлүнгөн субайлар арасында жарганаттай түгү бар, бир кара жал тууралanып, мөңкүп, ойноп келет. Жигиттин **көзү** ошого **түшөт*** (11-б.).

Фразеологизмдердин ортосуна тактоочтордун кошулушу: − ***Теримди** түлкүчө **сыйрышат** го, ыя туюп калышса − деп, элеңдеген болуп, эки жакка мойнун созот* (37-б.).

Фразеологизмдердин ортосуна атоочтуктардын кошулушу: *Ошол Төрөгелди Кененсары менен болгон кармашта пайдасы тийбей кыжынса да, келатканын угуп, **жүрөгү** сүйүнгөндөн **калтаарый түштү*** (170-б.).

Фразеологизмдердин ортосуна чакчылдардын кошулушу: *Суусар бөркү бутакка илинип, өзү өйдөлөнүп калган жигиттин ууртунан шүүшүн кан сызылып, кыймылдабаганы менен **көзү** кыбыңдап **тирүү*** (140-б.).

Фразеологизмдердин ортосуна бөлүкчөлөрдүн кошулушу: *Демейде эле алты ооз сөздүн башын бириктире сүйлөп, бирөөгө тике айта албаган ал кишичиликтен чыккандай дал болуп, **оозун** гана **ачат*** (39-б.).

Фразеологизмдердин ортосуна тууранды сөздөрдүн кошулушу**:** *Оо, чиркин! Кызарган жемге ободогу куш түшөт, айланып. Баалуу буюмга **көз** жалт **кадалып**, тирүү жан кылчактайт* (50-б.).

Фразеологизмдин ортосуна кыялий-мамиле (модалдык) сөздөрдүн

кошулушу: *Экөө жайланып көмүлгөндөн кийин,* ***жүрөгүнө*** *<u>эмнегедир</u>* ***аёо сезим келди*** (67-б.).

Фразеологизмдердин ортосуна сөз тизмектеринин кошулушу. Сүрөткерлер көркөмдүктү жаратып, кептин эмоциялык-нарктагыч маанисин күчөтүү максатында зарылдыкка жараша фразеологизмдердин арасына сөздөрдү гана эмес сөз тизмектерин да кошуп колдонушканы практика жүзүндө кездешет. Жазуучу К.Осмоналиев өз кебинде бул ыкманы кыябын келтире натыйжалуу колдонуу менен айтайын деген оюн мыкты курап бере алган. Жыйналган фразеологизмдердин 12си аталган түргө кирери далилденди: *Дүйшөнкулдун эки* ***көзү*** *<u>алдыда бараткан Акбоз менен Чабдарга</u>* ***түшөт*** (199-б.)

**3.3. Түшүндүрмөлөрү менен катар колдонулган фразеологизмдердин поэтикасы.** Фразеологизм сөзгө эквивалент болуп келет. Фразеологизм менен сөздүн ортосундагы мындай маанилик окшоштук алардын синонимдик катышын түзөт. Кепте фразеологизмдерди ага синонимдик катышта турган сөздөр, б.а., стилдик максатта лексикалык эквиваленти менен жанаша колдонуу да учурайт. Жараткан маанилери бири-бирине шайкеш келген фразеологизм менен анын идентификаторун (түшүндүрмөсүн) катар колдонуу кепте стилдик контраст жаратуу максатында гана колдонулбастан, фразеологизмдин семантикасына тактоо, толуктоо киргизип, конкреттештирүү да жүрөт. Көп учурда фразеологизм андан соң анын лексикалык синоними, айрым учурда лексикалык синоними андан соң фразеологизм жайгашкан учурлар да кездешет. Ушундай өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу фрзеологизм менен алардын лексикалык синонимдеринин сүйлөм ичинде ээлеген ордуна, курулуш өзгөчөлүгүнө, сандык жыштыгына жараша бөлүштүрө келгенде төмөнкүдөй формула пайда болот: Ф – фразеологизм, Т – түшүндүрмөлөрү (лексикалык эквиваленти).

ФТ – 78; ТФ – 35; ТФТ – 11; ФТФ –12.

Кепте көркөмдүктү жаратууда стилдик ыкманын бир түрү катары жогорудагы бөлүштүрүүнүн ар биринин спецификасы, милдети ар башка.

3.3.1. Фразеологизмдер менен лексикалык эквивалентинин катар келиши: *Баягы кызыл-кыргын чабыш, кермеге илинген катындардын ыштаны Канайдын* ***үч уктаса түшүндө да жок,*** *<u>унутуп калыптыр</u>* (23-б.). Стилдик бул ыкма кайталоонун жөндүү, ыктуу түрү катары фразеологизмдердин маанилерин андан бетер чечмелеп, толуктап, экспрессивдүүлүгүн арттырып турат.

3.3.2. Лексикалык эквивалент менен фразеологизмдердин катар келиши. Фразеологизмдер менен түшүндүрмөлөрүн катар колдонуу аркылуу тактоо, чечмелөө, толуктоо функциясы аткарылса, түшүндүрмөлөрүнөн кийин фразеологизмдеринин орун алышы көбүрөөк күчөтүү, курчутуу, об-

раздуулукту, элестүүлүктү жаратуу милдетин аркалайт: *Укен көз кыйыгын эринин жүзүнө салды. <u>Аяп</u>, **каңырыгы түтөп**, **ичтен сызды*** (251-б.).

3.3.3. Түшүндүрмө + фразеологизм + түшүндүрмөнүн катар келиши: *Анын такыр байкабай, көңүл салбай укканын эми байкаган берки <u>таң</u>, **оозу ачылып**, <u>дал</u>* (264-б.). Контексттин жардамы менен түрдүү маанидеги тилдик бирдиктер окказионалдык синоним болуп келишти, т.а., каармандын окуя болуп жаткан абалдагы психологиялык, физиологиялык абалын ар тараптан таамай ачып берүү үчүн кызмат аткарышты.

3.3.4. Фразеологизм + түшүндүрмө + фразеологизмдердин катар келиши: ***Жүрөк күйүтүн ичине катып**, <u>чыдап</u>, **эрдин тиштеп**, азыр да оор абалда* (320-б.). Мисалдагы Ф + Т + Фдин маанилери бири-бирине жакын, синонимдеш келип, маанилик жактан (формасы боюнча түрдүүчө болгонуна карабай) кайталанып колдонулса да, бул семантикалык кайталоо ыксыз кайталоо катары кабыл алынбайт. Анткени аталган лексикалык бирдиктер эмоциянын ар кыл кырын, ар кандай деңгээлин бөлүп көрсөтүп турат.

3.4. **Романдагы автордук-индивидуалдык фразеологизмдер** жалпы элдик фразеологизмдер сыяктуу эле компоненттүү, туруктуу, образдуу, өтмө маанилүү келишет. Бирок, ошентсе да чыгармачылык жол менен табылган индивидуалдуу каражаттардын боёктуулугу коюу болуп, таасирдүүлүгү күчтүү чыгат. Романда жолуккан автордук-индивидуалдык фразеологизмдер түрдүү ыкмалар менен пайда болгон. Алардын төмөнкүдөй бир нече майда топторун кароого болот.

3.4.1. Фразеологиздердин тутумундагы кайсы бир компоненттин башка сөз менен алмашылышы. Изилдөөдө аталаган вариантта 31 фразеологизм бар экени далилденди. М:

| **автордук вариант** | **элдик вариант** |
|---|---|
| *мурундары жетинчи асманга жетет* (329-б.) | *төбөсү көккө жетет* |

Жалпы семантикасы бирдей болгону менен, эки вариантта фразеологизмдер кайсы бир өзгөчөлүгү, стилистикалык боёгу менен сөзсүз түрдө айырмаланып турат. Мунун кайсынысы контекстке туура келерин автор өзү ылайыктап, тандап алат.

3.4.2. Фразеологизмдердин компоненттеринин кыскарышы**.** Мындай автордук-индивидуалдык ыкма менен 23 фразеологизм түзүлгөн: *Каякты жөөлөрүн билбей кирген буурадай болуп турган Ормон, сенин **күлүңдү сапырат*** (*күлүн көккө сапыруу* (219-б.).

3.4.3. Фразеологизмдерге сөздөрдүн кошулуп колдонулушу: *Качыкенин **дилине** <u>терең</u> **ой түшөт*** (172-б.). Мындай ыкма менен 85 фразеологизм уюшулган.

3.4.4. Фразеологизм менен алардын лексикалык синонимдерин катар колдонуу да автордун жеке чыгармачылыгына тиешелүү ыкма болуп сана-

лат: *Тикирейе көлгө тигилген көздөрүндө жаш кылгырды. Жашы кулабас үчүн кирпигин катырды. Ал атайы чыдады.* ***Сезими күбүрөп***, <u>*үйгу-түйгу*</u> (137-б).

3.4.5. Жарыш колдонулган автордук-индивидуалдык фразеологизмдер: *... Кененсарынын* ***сары изине чөп ченейт. Артынан сүрө түшөт.*** *Кайра тургус кылып уратууга* ***тамырын көөлөйт*** (123-б.).

3.4.6. Салыштыруу аркылуу пайда болгон автордук-индивидуалдык фразеологизмдердин саны – 47. М: *Бирок,* ***тешик казандын тыгыны күйүп, аш оозго толук жетпегендей*** *ойдун ойрону чыкты* (145-б.).

3.4.7. Инверсияланган фразеологизмдер. 22 фразеологизм инверсия кубулушуна дуушар болгон жана алар атайы бир көркөм-эстетикалык максатта колдонулган.

| **Инверсияланган вариант** | **элдик вариант** |
|---|---|
| *чырагына куюлган май* (369-б.) – | *чырагына май куюлуу* |
| *от жаккан экен ортобузга* (83-б.) – | *ортосуна от жагуу* |

3.4.8. Жеке индивидуалдык фразеологизмдер. Мында чыгармачылык изденүү менен түп-тамырынан бери жаңы автордук-индивидуалдык фразеологизмдердин пайда болгонун байкоого болот жана алардын саны 45ти түзөт: *Агып барган кан-жинди* ***мурут сыйпарына жаратпай*** *оп тартып, онтоп, толкуну серпиле жээги шырпылдап, Көл жатты* (46-б.). Мында фразеологизм тилде даяр материал катары келбестен, контекстте жаңы пайда болуп, жаңы маани жаратты, элдик мүнөздө эмес, белгилүү бир авторго, т.а., К.Осмоналиевге тиешелүү болду.

## КОРУТУНДУ

- Фразеологизмдер менен кадыресе сөздөр биринин ордуна экинчиси колдонулган учурда маанилери такай эле бирдей келе бербейт. Сөзгө салыштырмалуу фразеологизмдерде эмоциялык-экспрессивдик, баалагыч маани басымдуулук кылат. Ошондуктан көркөм кепте каармандын образын түзүүдө адам мүнөзүн, мамилесин, көңүл күүсүн, маанайын ж.б. туюндуруучу фразеологизмдердин аркалаган жүгү абдан чоң.
- Курамындагы компоненти дене мүчөнүн же жаныбарлардын катышуусу менен уюшулган фразеологизмдер метафоралык, метонимиялык ж.б. жолдор менен жасалып, кандайдыр бир предметти, кубулушту, болгон жана болуп жаткан окуяны окурманга элестүү жеткирип, алардын таасирдүүлүгүн арттырып, жандуу берүү үчүн кызмат аткарат. Ошондой эле соматизм, зооним фразеологизмдердин дээрлик баары адамга байланыштуу белги, сапаттарды, т.а., адамзатка тиешелүү түшүнүктөрдү элестүү туюндуруп келип, айтылып жаткан ойду көркүнө чыгарып турат.
- Жазуучу К.Осмоналиев көркөм кепте кайсы бир учур, мезгил, каар-

мандардын жаш курагы же кыймыл-аракеттин болуп өткөн орду, багыты тууралуу сөз козголгондо кадыресе сөздөргө караганда мезгилдик, мейкиндик фразеологиздердин образдуулукту жаратуусу, көркөмдүүлүгү, эмоциялык-баалагыч касиеттери бир топ жогору жана жандуу келерин эң сонун аңдап, кепте ыктуу пайдалана алган.

• Поэтикалык-эстетикалык, стилистикалык жактан түрдүү боёкчолор менен жабдылган фразеологизмдерди жарыш, ортосуна эркин сөздөрдү кошуп жана түшүндүрмөлөрү менен катар колдонууну көркөм ыкма катары кароо талапка ылайык. Алар кептин стилдик сапатын жакшыртууга, уккулуктуулугун арттырууга мүмкүнчүлүк түзөт. Кептин эмоционалдуулугун, айтайын деген ойдун экспрессивдүүлүгүн окурмандын жеткиликтүү түшүнүүсүн, окуянын элестүүлүгүн шарттап турат.

• Жазуучу К.Осмоналиев оозеки чыгармаларды өзүнө сиңирип алып, сөздү иштетүүдө, анын мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууда элдик казынага кайрылган. Элдик мүнөздөгү фразеологизмдердин даяр калыптанып калган формасын *алмаштыруу, кошуу, кемитүү, салыштыруу*, *эллипсис, инверсия* кубулуштарына дуушар кылып, же новатордук жол менен жаңы маанидеги фразеологизмдерди пайда кылуу, *жарыш, лексикалык эквиваленттери менен катар* же *ортосуна сөз кыстырып колдонуу* сыяктуу түрдүү ыкмалар калемгердин элдин жашоо маданиятын, фольклорун жакшы билип, аны кайра өз чыгармачылыгында ыктуу пайдалана алган чеберчилигин, дүйнө таануусун, талыкпаган изденүүчүлүгүн, тилдик туюмунун мыкты экендигин көрсөтө алган.

•Тарыхый романдын автору К.Осмоналиев мына ушундай ыргак жаратуу, тактоо, толуктоо, чечмелөө, эмоционалдуу-экспрессивдүү, нарктагыч маанилерге жуурулган стилдик ыкмаларды колдонуу менен көпчүлүккө түшүнүктүү, кызыктуу болгон чыгарманы жаратып, окурманга эстетикалык таасири күчтүү руханий байлык тартуулаган. Көркөм каражаттарды, анын ичинде, фразеологизмдерди колдонуу жөндөмдүүлүгү өзгөчө болуп, аларга бөтөнчө мамиле жасап, сүрөткерлик жактан өзүнчө бир дүйнөнү түзө алган.

**Диссертациянын мазмунуна байланыштуу жарык көргөн эмгектердин тизмеси:**

1. **Осмонова Н.** Фразеологизмдерди көркөм кепте колдонуунун зарылдыгы [Текст] / Н.Осмонова // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Многоязычие в поликультурном обществе. Атайын чыгарылышы. – 2011. – 176-179-б.

2. **Осмонова Н.** К.Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы” романындагы мейкин фразеологизмдеринин берилиши [Текст] / Н.Осмонова //

Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Атайын чыгарылышы. – 2012. – 200-202-б.

**3. Осмонова Н.** К.Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы” романындагы мезгилди туюндурган фразеологизмдердин табияты [Текст] / Н.Осмонова // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Атайын чыгарылышы. – 2012. –203-205-б.

**4. Осмонова Н.** Фразеологизмдердин поэтикалык өзгөчөлүктөрү [Текст] БГУнун жарчысы. – 2012. – №2 (22). – 229-231-б.

**5. Осмонова Н.** К.Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы” романында терс мүнөз, сапаттардын фразеологизмдер аркылуу туюндурулушу [Текст] / Н.Осмонова // Социальные и гуманитарные науки. – 2012. – №1-2. –143-146-б.

**6. Осмонова Н.** К.Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы” романындагы адамдардын өз ара мамилесин көрсөтүүчү фразеологизмдер [Текст] / Н.Осмонова // Махмуд Кашкари-Барскани атындагы чыгыш университети. Билим жана тарбия. – 2012. – №1(13) –225-229-б.

**7. Осмонова Н.** Зооним фразеологизмдердин семантикалык топтору (К.Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы” романынын мисалында) [Текст] / Н.Осмонова // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. – 2012. – 9-чыг. –115-121-б.

**8. Осмонова Н.** К.Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы” романында оң мүнөз, сапаттарды туюндурган фразеологизмдер [Текст] / Н.Осмонова // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Атайын чыгарылышы. – 2012. – 204-206-б.

Осмонова Наргүл Ыманалиевнанын 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “К. Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы” романындагы фразеологизмдердин семантика-стилистикалык табияты” аттуу диссертациялык эмгегинин

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** фразеологизм, адам мүнөзү, адамдардын мамилеси, адам көңүл күүсү, соматизм, зооним, мезгил, мейкин фразеологизмдери, автордук-индивидуалдык, жарыш, ортосуна сөз кыстыруу, түшүндүрмө-лөрү менен катар колдонулган фразеологизмдер, образдуулук, эмоционалдуу-экспресивдүүлүк.

**Изилдөө объектиси** – эмоциялуу-экспрессивдүү тилдик каражаттар-дын бири болгон жалпы элдик фразеологизмдер.

**Изилдөөнүн предметин** К.Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы” романындагы фразеологизмдер, алардын семантикалык топтору, стилистикалык табияты түзөт.

**Диссертациялык иштин максаты** – фразеологизмдерди лексикалык өзгөчө бирдик катары кароо менен, алардын семантикалык жактан жиктелишин, стилистикалык мүмкүнчүлүктөрүн, поэтикалык өзгөчөлүктөрүн, автордук-индивидуалдык фразеологизмдердин табиятын К.Осмоналиевдин романындагы мисалдардын алкагында аныктоо.

**Илимий иштин изилдөө методдору.** Иште сыпаттама, байкоо, жалпылоо, компоненттик, семантикалык, стилистикалык талдоо, салыштырма методдору колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**, биринчиден, К.Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы” романындагы фразеологизмдердин семантикалык топторунун кыргыз тил илиминде ар тараптуу иликтөөгө алынгандыгында, экинчиден, фразеологизмдердин поэтикалуулугу, стилистикалык табияты, эмоционалдуу-экспрессивдүү мүмкүнчүлүктөрү лингвистикалык максатта териштирилгендигинде, үчүнчүдөн, автордук фразеологизмдердин индивидуалдуу мүнөзгө ээ экендиги аныкталгандыгында жатат.

**Колдонулуш чөйрөсү:** Диссертациянын жыйынтыктары, табылгалары илимий-изилдөөчүлүк, билим берүүчүлүк жана практикалык мааниге ээ. Ишти түшүндүрмө, котормо, поэтикалык сөздүктөрдү түзүүдө колдонууга болот. Ошондой эле кыргыз тилинин лексикология, фразеология, лингвопоэтика, стилистикасына байланыштуу теориялык маселелерди иликтөөдө жана аталган предметтерди окутууда да кеңири пайдаланылары шексиз.

**РЕЗЮМЕ**

На диссертационное исследование Осмоновой Наргүл Ыманалиевны на тему: «Семантико-стилистическое происхождение фразеологизмов в романе К.Осмоналиева «Вражда кочевников», представленное на соискание ученой степени кандидата филологических наук, по специальности 10. 02. 01. – кыргызский язык.

**Ключевые слова:** фразеологизм, характер человека, человеческие настроения, человеческие отношения, соматизм, зооним, время, пространственные фразеологизмы, авторская индивидуальность, состязание, вклинивания, фразеологизмы с толкованиями, образность, эмоциональная экспрессивность.

**Объект исследования:** народные фразеологизмы как средства языковой эмоциональной экспрессивности.

**Предмет исследования** составляют фразеологизмы в романе К.Осмоналиева «Вражда кочевников», их семантические группы и стилистическая природа.

**Цель исследования:** Рассматривая фразеологизмы как особое лексическое единство определить их семантическое деление, стилистические возможности, поэтические особенности, авторско-индивидуальную природу на примере фразеологизмов в романе К.Осмоналиева.

**Методы исследования:** В исследовании использованы методы описания, наблюдения, обобщения, сравнения, компонентный, семантический и стилистический анализы.

**Научная новизна исследования:**

1. Разностороннее исследование семантических групп фразеологизмов в романе К.Осмоналиева «Вражда кочевников» в кыргызском языке;

2. Детально разобраны поэтичность, стилистическая природа, эмоционально-экспрессивные возможности фразеологизмов в кыргызском языке;

3. Определен индивидуальный характер авторских фразеологизмов.

**Область применения:** Результаты, открытия диссертационного исследования имеют научно-исследовательское, образовательное и практическое значение. Могут быть использованы при толковании, переводе и составлении поэтических словарей. Послужат теоретической основой в дальнейших исследованиях связанных с лексикологией кыргызского языка, фразеологией, лингвопоэтикой, стилистикой. Могут широко применяться при обучении перечисленных дисциплин.

# SUMMARY

**Osmonova Nargul Imanalievna**

**Semantic and stylistic origin of phraseologisms in the novel "Feud of Nomads" by K.Osmonaliev**

The thesis is submitted to confer the scholarly degree of candidate of philological sciences 10.02.01 – Kyrgyz language

**Key words:** Phraseologism, man's personal traits, mood, relations, somatism, zoonim, time, dimensional phraseologisms, author's individuality, contest, wedging, phraseologisms with interpretation, imagery, emotional expressivity.

**The object of the research:** folk phraseologisms as means of language emotional expressivity.

**The subject of the research:** phraseologisms in the novel "Feud of Nomads" by K. Osmonaliev, their semantic groups and stylistic nature.

**The aim of the research:** to define semantic division of phraseologisms as a special lexical unity, their stylistic possibilities, poetical peculiarities, and author's individual nature based on phraseologisms in the novel "Feud of Nomads" by K.Osmonaliev.

**The methods of the research:** A number of methods have been used in the research: description, observation, generalization, and comparison, semantic, component and stylistic analysis.

**The novelty of the research:**

1. All-round study of semantic groups of phraseologisms in the novel "Feud of Nomads" by K.Osmonaliev in the Kyrgyz language.
2. Detailed study of poetics, stylistic nature, emotional and expressive possibilities of phraseologisms in the Kyrgyz language.
3. Study of individual nature of author's phraseologisms.

**The sphere of application:** The results of the research are of scientific, educational and practical significance. They can be used in interpretation, translation and compiling poetical dictionaries. The results can serve as a theoretical basis in further studies related to lexicology, phraseology, lingo poetics, and stylistics of the Kyrgyz language. They can be widely used while teaching the above-mentioned subjects.

**Осмонова Наргүл Ыманалиевна**

**К.ОСМОНАЛИЕВДИН “КӨЧМӨНДӨР КАГЫЛЫШЫ” РОМАНЫНДАГЫ ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕРДИН СЕМАНТИКА-СТИЛИСТИКАЛЫК ТАБИЯТЫ**

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Форматы 60X84 1/16. Кагаз офсет.
Офсеттик басуу. Көлөмү 2,75 б.т. Нускасы 100.

Бишкек ш., Раззаков к., 49. ЖИ «Сарыбаев Т.Т.»
т. 62-67-76
e-mail: talant550@gmail.com